КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

"28" июль 2026-жылдагы №29 Панфилов айылы

## Курама айылдык кеңешинин 2012-жылдын 20-сентябрындагы №22 "Панфилов айылында Канай уулу Бошкойдун эстелигин куруу үчүн жер тилкесин берүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34,39-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлундагы №241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамынын 17-беренесине, "Байсеит Ата" фондунун кайрылуу катын карап чыгып талкуулап, ошондой эле Курама айылдык кеңешинин туруктуу жер комиссиясынын 2026-жылдын 12-июнундагы №01-4/5 протоколунун негизинде Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Курама айылдык кеңешинин 2012-жылдын 20-сентябрындагы №22 токтому "Панфилов айылында Канай уулу Бошкойдун эстелигин куруу үчүн жер тилкесин берүү жөнүндө" аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

   "Панфилов айылында Канай уулу Бошкойдун жана Канай уулу Байсеиттин эстелигин куруу үчүн жер тилкесин берүү жөнүндө".

2. Аталган токтомдун 1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин: Панфилов айылындагы мурдагы "Заря" клубунун аймагынан Канай уулу Бошкойдун жана Канай уулу Байсеиттин эстелигин куруу үчүн жер тилкеси бөлүнүп берилсин.
3. Аталган токтомдун 3-пунктундагы "2013-2014-жж" деген сөздөр "2026-2030-жылдар" деген сөздөргө алмаштырылсын.
4. Ушул токтомдун аткарылышы Курама айыл өкмөтүнүн башчысы М.Т.Бейсембаевага милдеттендирилсин.
5. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.
6. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

7. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу жер комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **Д.М.Манамкулов**